| 17. Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн паспорту | | |
|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Бишкек шаарынын муниципалдык музыкалык мектептеринде жеңилдетилген категориядагы жактар үчүн башталгыч кесиптик музыкалык билим берүү |
| 2 | Кызмат көрсөткөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын (муниципалдык мекеменин) толук аталышы | Бишкек шаарынын мэриясынын маданият башкармалыгына караштуу музыкалык мектептер |
| 3 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнү алуучулар | Майып балдар, балдар үйүнүн, мектеп-интернаттардын тарбиялануучулары, кызматтык милдеттерин аткарууда каза болгон же I-II топтун майыптары болгон, анык аскер кызматынын аскер кызматчыларынын балдары, патронажда же камкорчулук алдында турган балдар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандары болуп саналган, Бишкек шаарынын аймагында жашаган жери боюнча катталган, кирүү экзаменинен өткөн 7 жаштан 18 жашка чейинки (музыкалык-угуу жөндөмү бар), «Энелик даңк» ордени же «Энелик медаль» медалы менен сыйланган энелердин балдары. Бул категориядагы окуучуларды кабыл алуу чеги жыл сайын Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан белгиленет.<br>Кызматтарды алуучулар төмөнкү музыкалык-угуу талаптарына ылайык келиши керек:<br>угуу жөндөмүнүн бар болушу (сыналуучу ыр ырдап бериши керек);<br>музыкалык эстутумунун бар болушу (сыналуучу ойнолгон обондун үзүндүсүн үнү менен кайталашы керек);<br>ритм сезиминин болушу (сыналуучу экзамен алуучунун артынан ритмдик сүрөттү такылдатышы керек) |
| 4 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнү алуунун укуктук негиздери | Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 1, 13, 17, 36-беренелери;<br>Кыргыз Республикасынын «Маданият жөнүндө» мыйзамынын 30, 33, 35-беренелери |
| 5 | Көрсөтүлгөн муниципалдык кызматтын акыркы жыйынтыгы | Балдар музыкалык мектептерин бүтүргөн 5,7 жаштагы кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулар окуу жайын аяктагандыгы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди алууга укугу бар.<br>1. Мектепти аяктагандыгы жөнүндө күбөлүктү окутуунун толук курсун окуган жана бүтүрүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырган окуучулар алышат.<br>2. Балдар музыкалык мектебинин билим берүү программасынын мазмунун өздөштүрүүнү аяктабаган же бүтүрүү экзамендерин тапшырбаган окуучуларга окуусу жөнүндө маалым кат берилет. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Музыкалык аспаптарда ойноо көндүмдөрүн, хор дирижёрлугу, үндү коюу, хор таануу негиздерин, искусство тарыхын, тандоо (музыка ойноо, барактан окуу, аккомпанемент, музыканын жөнөкөй теориясы, музыка угуу, импровизация жана жаратуу, кошумча музыкалык аспап) боюнча предметтерди үйрөнүүдө практикалык иштин жүрүшүндө эстрадалык, сололук жана хордук ырдоонун музыкалык аспаптарында ойноонун билим комплекстерин алуу |
| 6 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн шарттары | Кызмат көрсөтүү төмөнкүлөрдө жүргүзүлөт:<br>жарандардын имаратка жана санитардык-гигиеналык жайларга (ажаткана, жуунуучу бөлмөлөр) тоскоолдуксуз кирүүдө, анын ичинде көрүү жана угуу боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана таяныч-кыймылдаткыч аппараты бузулган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн (мындан ары – ДМЧА), пандустар, кармагычтар менен жабдылган, белгиленген санитардык ченемдерге жооп берген жайда.<br>Жайларда күтүү үчүн орундар, ажатканалар, жылыткыч, суу түтүк жана телефон жайгаштырылган.<br>Келүүчүлөрдүн ыңгайлуулугу үчүн кызматтарды көрсөтүү жайында кызмат көрсөтүүлөрдү алуу үчүн керектүү документтердин тизмеги жана арыздардын үлгүлөрү жайгаштырылат.<br>Имаратта төмөнкү жайлар каралган:<br>окуу аудиториялары, концерттик зал, хореографиялык залдар;<br>китепкана;<br>усулдук иш бөлмөлөр |
| 7 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн мөөнөтү | Кабыл алуу экзамендерин өткөрүү убагы - 2 сааттан ашпайт.<br>Кабыл алуу экзамендери окуу жайдын жетекчиси тарабынан дайындалат.<br>Окутуунун узактыгы окуу пландары жана эки программа (беш жана жети жылдык мөөнөттүү окутуу) менен аныкталат:<br>аспаптык, эстрадалык-вокалдык, вокалдык-хордук, үйлөмө жана элдик бөлүмдөр – 5 же 7 жыл;<br>фортепиано жана кылдуу (скрипка, виолончель жана башка кылдуу аспаптар) бөлүмдөрү – 7-8 жыл.<br>Кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулар бөлүмдөргө жана окуу пландарынын мазмунуна жараша 5 же 7 жыл окушат.<br>Окуу жылы 9 айды түзөт.<br>Сабактын узактыгы: 45 мүнөт (1 академиялык |

| | | |
|---|---|---|
| | | саат).<br>Мектепте окугандыгы жөнүндө маалым кат жана мектепти аяктагандыгы тууралуу күбөлүк экзамендерден кийин берилет. Окууну аяктагандыгы боюнча берилүүчү документтерди берүү мөөнөтү – 15 мүнөт |
| **Муниципалдык кызмат көрсөтүүнү алуучуларды маалымдоо** | | |
| 8 | Керектөөчүгө көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат (керектүү маалыматтын тизмеги), стандартташтырууга жоопту жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жөнүндө маалымдоо | Муниципалдык кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөнкүлөрдөн алууга болот:<br>Бишкек шаарынын мэриясынын маданият башкармалыгынан;<br>Бишкек шаарынын мэриясынын маданият башкармалыгына караштуу музыкалык мектептерден;<br>Бишкек шаарынын мэриясынын расмий сайтынан (meria.kg);<br>Бишкек шаарынын мэриясынын маданият башкармалыгынын маалымат такталарынан, кичи китепчелеринен, буклеттеринен.<br>Жарандарды кабыл алуу алар кайрылган күнү жумуш күндөрү (иштөө графиги: дүйшөмбү – жума, 8.30дан 17.30га чейин) жүргүзүлөт.<br>Маалымат мамлекеттик жана расмий тилдерде берилет.<br>Аталган кызматтарды көрсөтүүчү мектептердин тизмеги Бишкек шаарынын мэриясынын сайтында (meria.kg) жарыяланат.<br>Бишкек шаарынын мэриясы - муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү стандартташтыруу үчүн жоопту |
| 9 | Муниципалдык кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу ыкмалары (бардык мүмкүн болгон ыкмаларды мүнөздөө же санап кетүү) | Муниципалдык кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу төмөнкүлөр аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн:<br>жалпыга-маалымдоо каражаттары;<br>балдар музыкалык мектептери;<br>Бишкек шаарынын мэриясынын маданият башкармалыгынын расмий сайты жана баракчасы;<br>Бишкек шаарынын мэриясынын маданият башкармалыгынын такталары, кичи китепчелери, буклеттери;<br>Маданият башкармалыгынын жана балдар музыкалык мектептеринин кабылдама телефондору боюнча.<br>Даректер, телефон номерлери жана иштөө шарттамы муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарты менен бирге Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият башкармалыгынын такталарында жана сайтында жайгаштырылат |
| **Тейлөө жана муниципалдык кызмат көрсөтүү** | | |
| 10 | Келүүчүлөр менен пикир алмашуу | Бишкек шаарынын мэриясынын маданият башкармалыгына караштуу музыкалык мектептерде иш бөлмөлөрүнүн эшиктеринде |

| | | |
|---|---|---|
| | | маалыматтык тактачалар жайгашкан.<br>Калк менен иштеген бардык кызматкерлердин аты-жөнү жана кызмат орду көрсөтүлгөн жекелештирилген тактачалары (бейджиктери) бар.<br>Кызматкерлер (окутуучулар) келүүчүлөр менен баарлашууда төмөнкү этиканын негизги принциптерин сакташат: сылык, ак ниеттүү, сыпайы, сабырдуу, принципиалдуу болуу, маселени маңызына чейин терең талдоого умтулуу, баарлашуучуну уга билүүгө жана анын көз карашын түшүнүү, ошондой эле кабыл алынуучу чечимдерди баамдоо жана аргументтөө.<br>Бардык кызматкерлер тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга жол бербөөчү, жарандарга карата этикалык ченемдерди сактоону, көз карандысыздыкты жана калыстыкты камсыздоочу, кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоочу кызматтык нускамалар (функционалдык милдеттер) жана кесиптик-этикалык ченемдер сакталышы керек.<br>Медициналык жана социалдык көрсөткүчтөр боюнча өзгөчө муктаждыктарга ээ адамдар менен баарлашуу жана кызмат көрсөтүү аларга түшүнүктүү жана жеткиликтүү формада жүргүзүлө |
| 11 | Купуялуулукту камсыздоо ыкмалары | Алуучу жана ага көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалымат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча гана берилет |
| 12 | Керектүү документтердин жана/же муниципалдык кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрдүн иш-аракеттеринин тизмеги | Музыкалык мектеп документтерди кабыл алууда тапшыруучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) билим берүү процессин регламенттөөчү устав жана башка локалдык документтер менен тааныштырууга милдетүү.<br>Берилүүчү документтердин тизмеги:<br>балдар музыкалык мектебине кабыл алуу жөнүндө директордун атына жазуу жүзүндөгү ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арызы (арызда баланын жаш курагы, жашаган жеринин дареги, ата-энелери тууралуу маалымат көрсөтүлүшү керек);<br>ден соолугунун абалы тууралуу маалым кат (белгиленген форма боюнча);<br>баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн жана ата-энесинин паспортунун көчүрмөсү;<br>жашаган жеринен маалым кат;<br>жеңилдетилген шарттарда кызмат көрсөтүүлөрдү алуу укугун тастыктаган документ.<br>Эскертүү:<br>Окуучулардын класстарын комплекттөө жыл сайын 5-сентябрга чейин жүргүзүлөт |

| | | |
|---|---|---|
| 13 | Акы төлөнүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн наркы | Акысыз |
| 14 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапаты төмөнкү критерийлер боюнча аныкталат:<br>муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандартында билдирилген кызмат көрсөтүүнүн шарттарына жана мөөнөттөрүнө ылайык ишенимдүүлүгү жана өз убагында болуусу;<br>жынысы, расасы, тили, майыптыгы, этностук таандыктуулугу, диний ишеними, жаш курагы, саясий жана башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк жана башка абалы, ошондой эле башка жагдайлар боюнча басмырлоого жол бербөө;<br>жеткиликтүүлүк, кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн жарандардан стандартта көрсөтүлгөн гана документтерди талап кылуу;<br>кызмат көрсөтүүнүн шарттарынын ушул стандартта белгиленген талаптарга шайкештиги: имаратка жеткиликтүүлүк, коммуналдык-тиричиликтик ыңгайлуулуктардын болушу, жарандар үчүн ыңгайлуу кабыл алуу графиги, маалыматтык колдоонун (басма жана электрондук форматтарда) болушу жана жеткиликтүүлүгү;<br>муниципалдык кызмат көрсөтүү учурунда кызматкерлердин сыпайылыгы жана сылыктыгы, кызмат көрсөтүүнүн бардык жол-жобосунун жүрүшүндө кеңеш берүү;<br>акыркы жыйынтыктын (алынган кызмат көрсөтүүнүн) керектөөчүнүн күткөн жообуна ылайык келүүсү;<br>даттануулар жана сунуштар китебинин жарандар үчүн жеткиликтүү жерде болуусу |
| 15 | Кызматтарды электрондук форматта көрсөтүү | Көрсөтүлбөйт |
| **Муниципалдык кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу жана даттануу тартиби** | | |
| 16 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу | Керектөөчүгө кызмат көрсөтүүдө төмөнкү учурларда баш тартылат:<br>балдар музыкалык мектептеринин талаптарына музыкалык-угуу жөндөмдүүлүгү ылайык келбесе;<br>ритмдүү жана интонациялык белгилери жок болсо;<br>керектөөчүнүн бул кызмат көрсөтүүнү алууга жол бербеген ден соолугу психофизиологиялык жактан бузулган болсо;<br>ушул стандарттын 12-пунктунда көрсөтүлгөн документтер берилбесе;<br>3-пункттун талаптарына ылайык келбесе;<br>класстар комплекттенип калса.<br>Окуучу 2 айдан ашык ооруса, кийинки жылы кайра кирүү жана ошол эле класста окуусун |

| | | |
|---|---|---|
| | | улантуу укугу менен мектептен чыгарылат.<br>Окуу планын дайыма жүйөлүү себептерсиз аткарбаган жана эки атайын сабак боюнча канааттандыраарлык эмес бааларды алган окуучулар мектептен чыгарылат.<br>Окуучуларды мектептен начар жетишкендиги үчүн чыгаруу окуу жылынын аякташы боюнча директордун буйругу менен педагогикалык кеңештин чечиминин негизинде жүргүзүлөт |
| 17 | Даттануу тартиби | Жазуу жүзүндөгү даттануу эркин түрдө берилет жана кызмат көрсөтүүнү алуучунун аты-жөнүн, жашаган дарегин, телефон номерин, дооматтын маңызын, кол тамгасын жана берген күнүн камтууга тийиш.<br>Ыйгарым укуктуу кызматкер даттануу арызын 1 жумуш күндүн ичинде каттайт жана жетекчиликтин кароосуна жөнөтөт.<br>Даттанууларды жана дооматтарды кароо Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият башкармалыгына караштуу музыкалык мектептин жетекчилиги тарабынан белгиленген тартипте жүргүзүлөт.<br>Жазуу жүзүндөгү кайрылууну кароонун жана арыз ээсине жоопту жөнөтүүнүн мөөнөтү, ал катталган күндөн баштап 14 жумушчу күндөн ашпоосу керек.<br>Даттануу боюнча кабыл алынган чечим канааттандырылбаган учурда арыз ээси музыкалык мектептин чечимине Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият башкармалыгына, Бишкек шаарынын мэриясына же сот тартибинде даттанууга укуктуу |
| 18 | Муниципалдык кызмат көрсөтүү стандартын кайра карап чыгуунун мезгилдүүлүгү | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарты үч жылда бир жолудан кем эмес мезгилдүүлүк менен кайра каралат |